**«Бекитилди»**
Кафедранын 201___-ж “___” ________
жыйынынын №________протоколунда.
Каф. Башч . _____________

**«Макулдашылды»**
Фак-н ОМК-н 20__-ж“__”_________
жыйынынын №__ протоколунда
Фак-н ОМК-төрагасы:____________

Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинин “Сүрөт, чийүү жана эмгек” кафедрасы

«Көркөм сүрөт өнөрүн окутуунун методикасы » дисциплинасы боюнча 550600 көркөм билим берүү багытында окуган күндүзгү окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн аралык текшерүүлөрдүн **тесттик суроолору**

Түзгөн: кафедранын доценти, п.и.к. Ысмайылов Мухтар Зулпукарович

Ош-2019

**“Көркөм сүрөт өнөрүн мектепте окутуунун методикасы” дисциплинасы боюнча тесттик суроолор**

**1.Көркөм сүрөт өнөрүн мектепте окутуунун  башкы максаты эмнеде?**
а) Сүрөт тартууга үйрөтүүдө;
б)Чөйрөдөгү түстөрдү кабылдоого үйрөтүүдө;
в) Окуучулардын көркөм табитин калыптандырууда;
г) Окуучунун көрүү сезимдерин өнүктүрүүдө;

**2.Көркөм сүрөт өнөрүн окутуунун негизги методдору кайсылар?**
а) Оозеки, практикалык, көргөзмөлүү;
б) Көрүп сүрөт тартуу,элестетип сүрөт тартуу;
в) Чыгармачылык, изденүү;
г) Эстетикалык, проблемалык, талкуу;

**3.”Аля- прима”,”Лессировка”,”Механикалык ыкма”,”Мозаикалык бириктирүү ыкмасы”- булар кандай түшүнүктөр?**
а) Көркөм сүрөт өнөрүнүн түрлөрү;
б) Акварель боегу менен иштөө техникалары;
в) Май боектун түрлөрү;
г) Гуашь боегу менен ииштөө техникалары;

**4.Картинадагы салкын жана жылуу түстөрдүн гармониялык жарашыгын кантип атайбыз?**
а) Гамма;
б)Гравюра;
в)Колорит;
г)Перспектива;

**5.Бир келишүү чекитинин негизинде заттардын пропорцияларын аныктоого мүмкүн болгон перспектива эмне деп аталат?**
а)Фронталдык перспектива;
б) Аба перспективасы;
в) Бурчтук перспектива;
г) Сызыктуу перспектива;

**6.Бурчтук перспектива горизонт сызыгындагы канча келишүү чекити менен аткарылат?**
а)4келишүү чекити менен;

б)6келишүү чекити менен ;
в)8келишүү чекити менен;
г)2келишүү чекити менен;

**7.Мектепте көркөм сүрөт өнөрүн окутуунун түрлөрүн билесиңер?**
а)Живопись, графика,скульптура, архитектура;
б)Натурадан сүрөт тартуу, темага карата сүрөт тартуу, декоративдик сүрөт тартуу, көркөм өнөр жөнүндө аңгеме;
в)Класстык,класстан тышкаркы,мектептер аралык көргөзмөлөр;
г)Оозеки окутуу,практикалык окутуу;

**8.Пейзаж деген эмне?**
а)Табияттын кооздугун чагылдыруучу көркөм сүрөт өнөрүнүн жанры;
б)Жаратылыштагы сууларды көркөмдөп чагылдыруу;
в)Адамдын жан дүйнөсү менен табияттын байланышы;
г)Таза абада сүрөт тартуу;

**9.Жалпы билим берүүчү мектептерде окуучунун образдык ой жүгүртүүсүн өстүрүү көркөм сүрөт өнөрүнүн кандай иишмердүүлүгү аркылуу ишке ашат?**
а)Натюрморт;
б)Натурадан сүрөт тартуу;
в)Геометрия менен КСӨнү интеграциялоо;
г)Натюрморт жана портрет;

**10. Көркөм сүрөт өнөрүнүн кайсыл жанрында жаныбарлардын жана канаттуулардын сүрөттөрү чагылдырылат?**
а) Баталдык жанр;
б) Анималисттик ;
в) Пейзаж;
г) Портреттик;

**11.Окуучунун мазмуну жагынан белгилүү бир окуяны (сюжетти) өз ичине камтыган живопистик чыгармасы КСӨнү мектепте окутуунун кайсыл түрүнө кирет?**
а) Натурадан сүрөт тартуу;
б) Темага карата сүрөт тартуу;
в) Декоративдик сүрөт тартуу;
г) Көркөм сүрөт өнөрү жөнүндө аңгеме;

**12. Элдик көркөм жасалгалардын графикалык элементтерин КСӨнү мектепте окутуунун кайсыл түрүндө тарттырып үйрөтөбүз?**

а) Элдик этно маданият;

б) Линогравюра;

в) Декоративдик сүрөт тартуу;

г).Жасалгалардын түзүлүшүн изилдөө;

**13.Табияттын ыргактуу көрүнүштөрүн стилдештирип чагылдырууну элдик кол өнөрчүлүктүн кайсыл элементтеринен байкоого болот?**

а) Көңүл ыргактарынан;

б) Этностилден;

в) Орнаменттен;

г) Подстаменттен;

**14.Жашоодо көркөм сүрөт өнөрүнүн кайсыл түрү тиричилик буюмдары катары колдонулат?**

а) Көркөм өнөр тарыхы;

б) Идиш бетине тартылган сүрөттөр;

в) Тактай бетине оюлган кечте;

г) Декоративдик колдонмо өнөр;

**15.Көркөм өнөр тарыхы, көркөм сабаттуулук, көркөм чыгармалар, көркөм өнөр чеберлери жана алардын өмүр –жолу, чыгармачылыгы жөнүндөгү сабак КСӨнүн кайсыл түрүнө кирет?**

а) Искусствонун тарыхы;

б) Өнөрпоздордун ишмердүүлүгүн өнүктүрүү сабагы;

в) Чыгармаларга анализ жүргүзүү сабагы;

г) Көркөм сүрөт өнөрү жөнүнүндө аңгеме;

**16.Сабак кандай функцияны аткарат?**

а) Өсүмдүктүн сабагы, жер кыртышынан керектүү заттарды мөмөсүнө өткөрүп берет;

б) Муундан муунга тажрыйбаларды өткөрүп берет;

в) Бир тараптан экинчи бир тарапка мазмунду өткөрүп берүү процесси;

г) Окуучуларга бүт ааламды тааныштыруу куралы;

**17.Көркөм сүрөт сабагынын структуралык түзүлүшү кандай?**

а) Натуралык постановка даярдоо, сүрөт тартуу процессин уюштуруу, анализдөө жана баалоо;
б) Уюштуруу, сабактын мазмуну менен тааныштыруу, бышыктоо, өз алдынча иштетүү, баалоо жана үйгө тапшырма берүү;
в) Оозеки түшүндүрүү, практика жүзүндө көрсөтүп берүү, өз алдынча иштөө жана баалоо;
г) Окутуу, сүрөт тарттыруу, суроо берүү жана баалоо;

**18.Экскурсия, кароо конкурстар, олимпиадалар, көргөзмөлөр, жолугушуулар билим берүүдө жалпысынан кандай аталат?**
а) Мектептин зарыл иш чаралары;
б) Класстан жана мектептен тышкаркы иштер;
в) Көркөм өнөр иштери;
г) Окуучулардын ой жүгүртүүсүн өстүрүү сабактары;

**19.Окуучуларды таза абага чыгарып сүүрөт тарттыруунун көркөм өнөрдөгү аталышы кандай?**
а) Живопистик этюд;
б) Май боек менен пейзаж тартуу;
в) Пленэр;
г) Иллюстрация;

**20. Талкуу, талаш-тартыш сабагы кандай аталат?**
а) Тараптардын пикир алышуу сабагы;
б) Логикалык сабак;
в) Инновациялык сабак;
г) Диспут сабагы;

**21. Түстүк колорит деп эмнени айтабыз?**
а) Түстөрдүн ыргактарын;
б) Түстөрдүн таасирдүүлүгүн;
в) Салкын жана жылуу түстөрдүн жарашыгын;
г) Салкын жана жылуу түстөрдүн үстөмдүүлүгүн;
**22. Негизги жана спектр түстөрүнүн кандай айырмачылыгы бар?**
а) Негизги түстөр үчөө, спектр түстөрү чексиз;
б) Негизги түстөр жетөө, спектр түстөрү он алты;
в) Негизги түстөр алтоо, спектр түстөрү он беш;
г) Негизги түстөр үчөө, спектр түстөрү жетөө;
**23. Түстүк гаммага кандай мүнөздөмө бересиңер?**

а) Чыгармадагы көп түстүүлүк;
б) Чыгармадагы түстөрдүн таасирдүүлүгү;
в) Чыгармадагы бир нече түсттөрдүн өз ара байланышы;
г) Чыгармадагы бир түстүн үстөмдүүлүгү ;

**24. Элдик кол өнөрчүлөр кандай боекторду иштетишкен?**
а) Табигый;
б) Россиянын;
в) Кытайдын;
г);Чыгыш элдерин;

**25. Окуучулардын мейкиндикте ой жүгүртүүсүн кандай түшүнөсүңөр?**
а) Натурадагы заттарды мейкиндикте тургандай чагылдыра билет;
б) Натурадагы заттардын өлчөмү жөнүндө ой жүгүртө алат;
в) Заттардын арасындагы боштуктарды аңдап түшүнөт;
г) Заттардын көлөмүн, формасын жана тегиздиктеги абалын элестете алат;

**26. Окуучуларга геометриялык формалардын сүрөттөрүн тарттыруунун себеби эмнеде?**
а) Окуучулардын проекциялык элестетүүлөрүн калыптандыруу;
б) Окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн калыптандыруу;
в) Окуучулардын графикалык көндүмдөрүн калыптандыруу;
г) Окуучулардын мейкиндикте ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү;

**27.Көркөм сүрөт өнөрү боюнча мугалимдин бир жылдык планы кандай аталат?**
а) Сабактардын жылдык окуу планы;
б) Сабактардын план - конспектиси;
в) Иллюстративдик календардык –тематикалык план;
г) Жылдык окуу-тарбиялык иш-чараларынын планы;

**28. Класстык сабак системасы ким тарабынан иштелип чыккан?**
а) С.А. чуйков;
б) Г.Айтиев;
в) Н.К. Крупская;
г) Я.А. Коменский;

**29. Заттын көлөмүн чагылдыруу үчүн колдонулуучу көркөм сүрөт өнөрүнүн мыйзамы эмне деп аталат?**
а) композиция мыйзамы;

б) жарык – көлөкө мыйзамы;
в) чагылдыруу мыйзамы;
г) өнөр мыйзамы;

**30.Сүрөт чыгармасынын түзүлүшүнүн, формасынын жана мазмунунун өз ара айкалышкан жарашыгы кантип аталат?**

а) гармония
б) фаниазия
в) конкретизация
г) композиция

## тесттик суроолордун жоопторун ушул таблицага толтургула

| № | Туура жообу | № | Туура жообу | № | Туура жообу | № | Туура жообу | № | Туура жообу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | 7 | | 13 | | 19 | | 25 | |
| 2 | | 8 | | 14 | | 20 | | 26 | |
| 3 | | 9 | | 15 | | 21 | | 27 | |
| 4 | | 10 | | 16 | | 22 | | 28 | |
| 5 | | 11 | | 17 | | 23 | | 29 | |
| 6 | | 12 | | 18 | | 24 | | 30 | |

___________________________________________________________

(Студенттин аты, жөнү)

## тесттик суроолордун ачкычтары

| № | Туура жообу | № | Туура жообу | № | Туура жообу | № | Туура жообу | № | Туура жообу |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | в | 7 | б | 13 | в | 19 | в | 25 | г |
| 2 | а | 8 | а | 14 | г | 20 | г | 26 | г |
| 3 | б | 9 | б | 15 | г | 21 | в | 27 | в |
| 4 | в | 10 | а | 16 | в | 22 | г | 28 | г |
| 5 | а | 11 | б | 17 | б | 23 | г | 29 | б |
| 6 | г | 12 | в | 18 | б | 24 | а | 30 | г |

Түзгөн: сүрөт чийүү жана эмгек кафедрасынын доценти, п. и. к.
Ысмайылов Мухтар Зулпукарович